# 1916-ЖЫЛ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДА

Гүлзада СТАНАЛИЕВА
филология илимдеринин кандидаты,
адабиятчы

ҮРКҮНДҮ ЫРДАГАН АКЫНДАР

**ЫСАК ШАЙБЕКОВ**



**КАЙРАН ЭЛ. АЗГАН ЭЛ. КАЙТКАН ЭЛ**

КАЙРАН ЭЛ

https://www.youtube.com/watch?v=LapmyhXm8Hs

# ҮРКҮНДҮ ЫРДАГАН АКЫНДАР

### АЛДАШ МОЛДО


- Кыргыз эл агартуу ишин баштоочулардын бири,
- жазма акын,
- «замана» агымынын өкүлү.
- 1874-жылы Жети-Өгүз аймагындагы Ак-Кочкор айлында туулган.

### ҮРКҮН ЫРЛАРЫ

- ҮРКҮН

# ҮРКҮНДҮ ЫРДАГАН АКЫНДАР

### АБЫЛКАСЫМ ЖУТАКЕЕВ




### ҮРКҮН ЫРЛАРЫ

- **«Качак турмуш»,**
- **«Азган эл»,**
- **«Кайран эл»,**
- **«Кайткан эл» сырлар циклин жазган.**

# ҮРКҮНДҮ ЫРДАГАН АКЫНДАР

**КАЛЫК АКИЕВ**



**ҮРКҮН ЫРЛАРЫ**

- **"Үркүн жыл"**
- 1883-жылы Жумгалдын Кара-Ой деген жеринде туулган.
- 1953-жылы дүйнөдөн өткөн.
- Токтогулдун шакирти болгон.

# 1916-ЖЫЛ КЫРГЫЗ ПРОЗАСЫНДА

**16-жыл темасы кыргыз прозасынын жаралуу жана калыптануу мезгилинде негизги темалардын бири катары тереңдетиле иштелген.**

# «АЖАР» ПОВЕСТИ (1928)

Касымаалы Баялинов (1902-1979)



**«АЖАР» ПОВЕСТИ чет тилдерге которулган:**

- **орус,**
- **немис,**
- **англис,**
- **өзбек,**
- **чех,**
- **түрк**
- **Кыргыз адабиятында "Ажар" 16-жыл окуясынын символу катары орун алган.**

# «УЗАК ЖОЛ» ПОВЕСТИ (1936)

МУКАЙ ЭЛЕБАЕВ



- М.Элебаевдин «Узак жол» романы 1936-жылы жазылган. Романда 16-жылы үркүндө Кытайга качып барган 14 бүлөдөн турган бир түтүн үйдөн болгону 2 гана өспүрүм бала кайтып келгени баяндалат.
- Ал эки өспүрүмдүн бири Мукай өзү, экинчиси иниси Беккул.
- Өз тагдырынын негизинде жазылган бул чыгарма 16-жыл окуясын турмуштук окуялар аркылуу таасын чагылдырып берет.

# «АЗАМАТТАР» ПОВЕСТИ (1938)

### КУБАНЫЧБЕК МАЛИКОВ(1911 - 1979)



### ЖАЗУУЧУ ЖӨНҮНДӨ

- Кыргыздын совет дооруна чейинки колго тутар баатырларынын бири Эшкожо уулу Балбайга арналган "Балбай" аттуу поэмасы 1940-жылы жарык көрүп, кийин **улутчул** деген жалган жалаа менен толук жок кылынып кеткен.
- Акындын шакирти **Омор Султанов** бул туурасында мындай деп эскерген:

"Ал китебин эл түтүнмө-түтүн суратып, айылма-айыл ат чаптырып алып келдирип окушчу, тээ кокту-колотуна чейин. Кийин ага да бирөөлөрдүн ичи жарылып, көрө албай, "улутчул чыгарма" деп жазып ийип, бүт алдырып салышты".

# «ЖАРАЛАНГАН ЖҮРӨК», «МЕЗГИЛ УЧАТ» (1947) ПОВЕСТТЕРИ. «КАНДУУ ЖЫЛДАР» РОМАНЫ (1935)

### ААЛЫ ТОКОМБАЕВ (1904-1988)




### ҮРКҮНДҮ ӨЗ БАШЫНАН КЕЧИРГЕН

- 1916-жылы үркүндө Аалы да үй-бүлөсү менен Кытай жерине качып барган. Ал жактагы азган-тозгон элдин көбү ачкачылыктан, жайылып кеткен келте оорусунан кырылып калганда, Аалы Токомбаевдин да беш бир тууганы каза болгон.
- Жыл айланып, Аалы эл менен кошо өз жерине кайра кайтат. Жолдо келе жатып Кочкордо атасы Токомбайдан, көп узабай энеси Уулбаладан ажырайт. Тоголок жетим калган болочок жазуучу, көрүңгөндүн эшигин кагып, кайыр сурап күн көрөт.

# «КАНДУУ ЖЫЛДАР»

- Түшүмдөй бир мунуң күндү элестетем,
- Ал элес жаш жүрөккө баткан бекем.
- Жүрөктүн ошол баткан тагын алып,
- Ар кимдин жүрөгүнө сүртүп кетем.

- Териси катып , сөөгүнө
- Ачкадан элим өлгөнүн
- Ак шишик болуп темселип
- Ачкалар араң көмгөнүн
- Көмүлбөй, ит жеп калганын
- Өз көзүм менен көргөмүн

- Дөбөттөй болуп абалап,
- Калганын кырды сабалап.
- Жыланды урган эмедей,
- Кулактар кирди, камалап.
- Көздөрү кирип, олоюп,
- Мурундар чыгып, короюп.
- Кыйналган малдай темселеп,
- Жыгылды эрлер сороюп
- Айрылар кирип жүрөккө
- Солуктайт араң кур өпкө,
- Кай бири быт-чыт, бет, баш жок,
- Шылынган темир күрөккө

# «КАНДУУ ЖЫЛДАР» РОМАНЫ – «ТАҢ АЛДЫНДА» РОМАНЫ

**РОМАНДЫН ТАГДЫРЫ ТУУРАЛУУ**

- Аалы Токомбаевдин "Кандуу жылдар" романы 1935-ж.жазылып, кайра 1947-жылы "Таң алдында" деген ат менен кайрадан өзгөртүп жазып, чыгарууга мажбур болгон. "
- "Таң алдында" романы 1967-жылы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлык менен бааланат.
- 1991-жылы кыргыз эли эркиндикке жетишкенден кийин гана "Кандуу жылдар" деген аталыш менен түп-нускасында кайрадан жарык көргөн.

**АСАНБЕК СТАМОВ:**

- «Чыгарманын оңдолуп, саясатка тууралангаан соң алтымышынчы жылдардын аяк чениндe жарык көргөн «Таң алдында» деген вариантын окугам. «Таң алдында» үчүн Аалыке учурунда Токтогул атындагы сыйлыкты алган. Бирок «Кандуу жылдар» менен «Таң алдынданы» салыштырып болбойт. Элестүүрөөк айтканда «Таң алдында» «Кандуу жылдардын» көлөкөсү гана. «Кандуу жылдарды» мен 1916-жылдын так, таасын портретин ачкан тарыхый-көркөм летопись деп атаар элем»

# «АЖАЛ ОРДУНА» (1935) ДРАМАСЫ

## ЖУСУП ТУРУСБЕКОВ (1910-1943)



## Драма тууралуу

- Узак жылдар бою репертуардан башкы орунду ээлеген «Ажал ордуна» драмасы кыргыз театр искусствосунун өйдөлөп өсүшүнө да өзүнүн жемиштүү таасирин тийгизген.
- «Ажал ордуна» драмасы 1934–1935-жылдары жаралып, андан кийин 1939-жылга чейин автор тарабынан бир нече жолу редакцияланган.
- Ж.Турусбеков драманын идеялык мазмунун, көркөм структурасын жакшыртуунун жана өркүндөтүүнүн үстүндө тынымсыз иштеген.
- Пьесанын акыркы варианты 1939-жылы Москвада өткөн кыргыз искусствосунун биринчи декадасы убагында көрсөтүлгөн.

«**Зулайка**:

- – Кагылайын энеке,
- Кантип мени саттыңар!..
- Же мен байкуш силерге
- Өгөй белем айтчы, энем,
- Чейрек унга бааланып,
- Сатылуучу мен белем?
- Ак мамаңды аймалап,
- Эмдим эле, энеке.
- Жалгызым сен деп ар убак,
- Келдиң эле, энеке!
- Жок болобу ушинтип,
- Шордуу кыргыз тукуму.
- Айланайын, атаке,
- Менин күнүм ушулбу?..
- Айланайын, атаке,
- Эркелетип бакканың
- Айланайын, энеке,
- Түрдүүлөп шуру такканың!
- Аягы келип ушундай
- Болмок беле убайым,
- Айтсаңарчы, калайык,
- Айтсаңарчы угайын.

**Кемпир**:

- – Ботосунан айрылып, кокуй,
- Боздогон инген мына мен, кокуй,
- Айланайын кулунум, кокуй,
- Боздоп калган ботом сен, кокуй.
- Эми кантем кулунум, кокуй,
- Менде кандай айла бар, кокуй,
- Тирүүлөй сенден айрылып, кокуй,
- Мендей шордуу кайда бар, кокуй».



# "КАКШААЛДАН КАТ" (1950) ПОЭМАСЫ

## АБДРАСУЛ ТОКТОМУШЕВ (1912-1995)



- "Аманат" деп, бек жазсам,
- Айрылбас жолдо ачылып.
- Чек ара калбас токтотуп,
- Башкага катты окшотуп.
- Кыргыздын жетип чегине,
- Барса экен катым жериме,
- Жоголбой, сөзү коробой,
- Тийсе экен тууган элиме!
- Катыман окуп билишсин,
- Турмушту кытай жерине.
- Алыска кетип көңүлүм,
- Жыргалын ойлойт өмүрдүн.
- Кат келсе тууган элимен,
- "Катыңды алдык" делинген.
- Сүйүнгөндөн буркурап,
- Басылар белем деги мен...

# 1916-ЖЫЛ 1960-1970-ЖЫЛДАРДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДА

# «ЧЫР-ДӨБӨ» РОМАНЫ (1964)

**Айткулу Убукеев (1905–1973)**



**Роман тууралуу**

- Романда кыргыз уруулары арасындагы жаатташуу, өз ара көралбастык, биримдиктин жоктугу 1916-жыл окуясында кайсы бир деңгээлде роль ойногонун көркөм баяндоого аракет жасалган.

# «МЕЗГИЛ» (1979) РОМАНЫ

**КАЗАТ АКМАТОВ (1941-2015)**



**РОМАН ТУУРАЛУУ**

- Романдын негизги өзөгүн 1916-жылдагы кандуу кыргынга түздөн-түз катышкан, бирок революциядан кийин тагдырдан оор запкы жеп, акыры Ала-Тоодон кечирим сурагысы келип, солдат кезинде оңду-солду билбей кылган кылмыштарын жууганы келген орус адамы Емельян Красиндин тагдыры сүрөттөлөт.
- «Мезгил» романы Кыргызстан Компартиясынын XII (1983) пленумунда **идеялык жактан биздин коомго жат, профессионалдык жактан начар жазылган, автордун таптык позициясы туура эмес, эл достугуна шек келтирген чыгарма** деп бааланып, партиялык газетада катуу сынга кабылат.
- 20-кылымдын 30-жылдарындагы окуяларды сүрөттөө менен бирге орустардын оторчулук саясатынын, 16-жылдагы Үркүн окуясынын чыныгы жүзүн ачып бергени буга себеп болгон.

# «АТА ЖУРТ» РОМАНЫ (1990)

### ЭРНИС ТУРСУНОВ (1935-2014)



### РОМАН ТУУРАЛУУ

- Романда көтөрүлүштүн алдындагы кырдаал, көтөрүлүштүн жүрүшү, анын кыйроого учурашы сүрөттөлгөн.
- Э.Турсунов бий-болуштардын, манаптардын көтөрүлүштөгү ойногон ролун ачык көрсөтөт.

# «ЖОЛ» (1982) ЖАНА "БАТЫЙНА" РОМАНДАРЫ

### ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ




### РОМАН ТУУРАЛУУ

- "Жол" романдында жазуучу ошол 16-жылдагы окуяларды өз эскермелери аркылуу баяндап берет.
- «Батыйна» ошол доордогу аялдардын тагдыр-турмушун чагылдыруу аркылуу 16-жылга кыйыр кайрылат.

# ЭГЕМЕНДИК МЕЗГИЛИНДЕ УЛУТТУК-БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШТҮ ЧАГЫЛДЫРГАН ЧЫГАРМАЛАР

# “БАСКЫН” (2000) ЖАНА “КЫРГЫН” (2004) РОМАНДАРЫ

**ТӨЛӨГӨН КАСЫМБЕКОВ**



**РОМАНДАР ТУУРАЛУУ**

- “Баскында” жазуучу орус падышачылыгынын баскынчылык саясатын ашкерелесе,
- “Кыргында” болсо ак падышанын жергиликтүү элди атайын кырып, жерди ээлөө максатын көздөгөн ыплас саясатынын бетин ачууга аракет жасаган.

# “КАНАТ ХАН” РОМАНЫ (2006)

**ЖУМАКАДЫР ЕГЕМБЕРДИЕВ**



**РОМАН ТУУРАЛУУ**

- «Канат хан» романында кандуу кагылышуулардын жүрүшүндөгү окуяларга түздөн-түз күбө болобуз.
- Анда көтөрүлүш алдындагы абал, Канат хандын падышалык бийликтин оор салыктарынан элди кутултуунун жолун издеши, аскерге алуу тууралуу буйрукка элдин каршы чыгышы, көтөрүлүшкө чыгуу тууралуу ойдун жапырт эл тарабынан кабыл алынышы, эл жакшыларынын ортосунда кадимкидей сүйлөшүүлөрдүн, макулдашуулардын жүрүшү жана кандуу кагылышуулар жана анын жыйынтыгы кенен-кесири чагылдырылып отурат.

# «КЫЗЫЛ КЫРГЫН, КАНДУУ КАРМАШ» (2009) ПОВЕСТИ

**БАКТЫБЕК МАКСУТОВ**



**ПОВЕСТЬ ТУУРАЛУУ**

- Автор “Улуу көтөрүлүш” публицистикалык жыйнагын жана “Кызыл кыргын, кандуу кармаш” аттуу повестин окурмандарга архивдик материалдардын негизинде жазган.

# «МИСМИЛДИРИК» (2009) РОМАНЫ

**АРСЛАН КОЙЧИЕВ**



**РОМАН ТУУРАЛУУ**

- Романда 16-жылдагы кандыбулоондо жападан жалгыз аман калган кудаян аттуу уруунун акыркы тукуму Мукай деген каармандын тагдыры сүрөттөлөт.
- Мукай 1937-жылдагы репрессияда Үркүндү жаза коём деп атууга кетет.
- Автор 1916-жыл менен 1937-жылдагы окуяларды эриш-аркак бир түйүнгө кармап, алардын кыргыз эли үчүн тарыхый оор маанисин ачып бергиси келген.

# "АЗАТ КӨЧҮ" (2012) РОМАНЫ

**КАЛКАМБАЙ АШЫМБАЕВ**



**РОМАН ТУУРАЛУУ**

- Романда 16-жылдагы каргашанын чыгышына кызыкдар тарап катары эсер партиясынын жүргүзгөн саясаты ашкереленген.

# "АКТОКО" (2015) ПОВЕСТИ

**ТЕМИРБЕК ЖОЛДУБАЕВ**



**ПОВЕСТЬ ТУУРАЛУУ**

- Повестте 16-жылдагы апаатта Чүй боорундагы бүтүндөй бир айылды орус аскерлеринин кыргынынан сактап калган кыргыз жигитине турмушка чыккан орус кызы тууралуу баяндалат.

# "УЛУУ ҮРКҮН" РОМАНЫ (2015)

**САГЫНДЫК ӨМҮРБАЕВ**



**РОМАН ТУУРАЛУУ**

- Бул романда көтөрүлүштүн алдындагы учур, көтөрүлүштүн өзү жана үркүн окуялары сүрөттөлөт.

# «КУЮН ДООР» (2016) РОМАНЫ

### ОЛЖОБАЙ ШАКИР




### РОМАН ТУУРАЛУУ

- Түндүк Кыргызстанды орус оторчуларынын басып алуусу, 1916-жылкы Улуу Үркүндүн трагедиясы, совет бийлиги тушта кыргыз айылдарын коллективдештирүү, наараазы болгондорду эл душманы деп каралоо, Ата мекендик согуш кездеги ооруктагы жашоо жана андан кийинки турмуш - ушу тарыхый окуялардын баары үч муундун тагдыры аркылуу берилет.

# «ЭРА НЕЛЮБВИ» РОМАНЫ (2022)

### Далмира Тилепберген



### «Эра нелюбви» романы



# КОРУТУНДУ

- 1916-жылдагы трагедиялуу окуя үркүн жылдарынан бүгүнкү 2016-жылга чейинки 100 жылдын ичинде 16-жыл темасына ар бир доордун, ар бир мезгилдин, ар бир муундун жазуучулары түрдүү тагдырлар, түрдүү тарыхый булактар, түрдүү турмуштук окуялар аркылуу кайрылышып, анын тарыхый улуу сабагын көркөм сөздүн күчү менен чечмелешип, кыргыз адабиятына 16-жыл темасынын өзүнчө бир салаа катары орун алышын шарттап беришти.
- 16-жыл темасы кыргыз адабиятындагы башкы темалардын бири катары көркөм иштелди жана келечекте да иштеле бермекчи.